Жабылгансып бут жагын, жолдорунда

Колун шилтеп, баарынан тойгонунда

Сүйүү келет капыстан сүйүү келет

Таппай аны, издебей койгонунда.

Жылмайганын жашоомо берип кубат

Сен бар кезде жан дүйнөм толуп турат

Таянарым колдоочум бирге болсон

Баарын женем, өмүрдүн жолун улап

Кайырма:

Азаптуу күндөрүмдү унуткарып

Жашоомдон кетип кара булуттарым

Мен күткөн сенчелик деп ойлобогом

Шекерди күтүп жүрсөм, берди балын

Жылдызды самаганмын берди айын

Сут сурап жүрсөм, берди сары майын

Күткөнмун, күткөндөн да көбүн берди

Карангы күндөрүмдү унутайын

2-куплет

Не деген күндөр өттү жалгыздыкта

Эсипсиз табышканча кайгырдык да

Умутум узулордо жарк деп келдиң

Биргебиз, баш ийбейбиз жалгыздыкка

Сабырдын түбү мынча таттуу болсо

Кайгынын арты майрам шаттуу болсо

Мен эми кайгыларга кайгырбаймын

Бүт баарын мейли бүгүн алып койсо

Кайырма:

Азаптуу күндөрүмдү унуткарып

Жашоомдон кетип кара булуттарым

Мен күткөн сенчелик деп ойлобогом

Шекерди күтүп жүрсөм, берди балын

Жылдызды самаганмын берди айын

Сут сурап жүрсөм, берди сары майын

Күткөнмун, күткөндөн да көбүн берди

Карангы күндөрүмду унутайын